# Көз карандысыз аудиторлордун отчету

**“Грант Торнтон” ЖЧК**

КР, 720001 Бишкек,
Токтогул көч., 125/1

Т. +996 312 97 94 90,
Ф. +996 312 97 94 91

**Grant Thornton LLC**
125/1 Toktogul Str.
720001 Bishkek, KR

T + 996 312 97 94 90
F + 996 312 97 94 91
www.grantthornton.kg

“Байлык Финанс” микрокредиттик компаниясы ЖАКтын акционерлерине, Директорлор кеңешине жана Шариат кеңешине:

*Пикир*

Биз “Байлык Финанс” микрокредиттик компаниясы жабык акционердик коомунун (мындан ары – Компания) 2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча финансылык абалы жөнүндө отчеттон, пайда же чыгым жөнүндө жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчеттон, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчеттон жана көрсөтүлгөн датада бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттон, ошондой эле эсепке алуу саясатынын олуттуу элементтеринин кыскача баяндалышын жана башка түшүндүрмө эскертүүлөрдөн турган, финансылык отчетуна аудит жүргүздүк.

Биздин пикирибизде, сунушталган финансылык отчет Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – “КРУБ”) талаптарына ылайык, 2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Компаниянын финансылык абалын, ошондой эле анын финансылык жыйынтыктарын жана көрсөтүлгөн датада бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышын бардык олуттуу аспекттеринде ишенимдүү чагылдырат.

*Пикир билдирүү үчүн негиздеме*

Биз аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына жана 2006-жылдын 28-июнундагы № 19/4 “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдарда тышкы аудитти жүргүзүүгө карата минималдуу талаптар жөнүндө” жобонун (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Башкармасынын 2023-жылдын 8-декабрындагы № 2023-П-12/76-1 токтомунун акыркы редакциясында) талаптарына ылайык жүргүздүк. Бул стандарттарга ылайык жоопкерчилигибиз биздин корутундунун “Финансылык отчеттун аудити боюнча аудиторлордун жоопкерчилиги” бөлүмүндө баяндалат. Биз Бухгалтерлер үчүн эл аралык этика стандарттары боюнча кеңештин Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексин (эл аралык көз карандысыздык стандарттарын кошо алганда) (БЭЭСК кодекси) жана Кыргыз Республикасындагы финансылык отчет боюнча аудитке тиешелүү этикалык талаптарга ылайык Компаниядан көз карандысызбыз жана бул талаптарга жана БЭЭСК кодексине ылайык башка этикалык милдеттерди аткардык. Биз алган аудитордук далилдер биздин пикирибизди билдирүү үчүн негиз катары кызмат кылууга жетиштүү жана тийиштүү деп эсептейбиз.

*Жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу үчүн, финансылык отчет үчүн жооп берген адамдардын жоопкерчилиги*

Жетекчилик көрсөтүлгөн финансылык отчеттун ФОЭСке жана Улуттук банктын талаптарына ылайык даярдалышы жана ишенимдүү берилиши үчүн, ошондой эле жетекчилик ак ниеттүү эмес иш-аракеттердин же каталардын натыйжасында олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчетту даярдоо үчүн зарыл деп эсептеген ички көзөмөлдөө системасы үчүн жоопкерчилик тартат.

Финансылык отчетту даярдоодо жетекчилик Компаниянын үзгүлтүксүз ишин улантуу жөндөмдүүлүгүнө баа берүү үчүн, жетекчилик Компанияны жоюуну, ишин токтотууну көздөбөгөн же жоюу же ишин токтотуудан тышкары, кандайдыр бир башка реалдуу альтернатива болбогон учурлардан тышкары, тиешелүү учурларда иштин үзгүлтүксүздүгүнө тиешелүү маалыматтарды ачыкка чыгаруу үчүн жана иштин үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолдун негизинде отчет түзүү үчүн жоопкерчилик тартат.

Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берген адамдар Компаниянын финансылык отчетун көзөмөлдөө жана даярдоо үчүн жоопкерчилик тартышат.

*Финансылык отчеттун аудити үчүн аудитордун жоопкерчилиги*

Биздин максатыбыз финансылык отчет ак ниеттүү эмес иш-аракеттерден же каталардан улам олуттуу бурмалоолорду камтыбагандыгына акылга сыярлык ишенимдүүлүктү алууда жана биздин пикирибизди камтыган аудитордук корутунду түзүүдө турат. Акылга сыярлык ишенимдүүлүк бул ишенимдүүлүктүн жогорку деңгээли болуп саналат, бирок АЭСке ылайык жүргүзүлгөн аудит ар дайым олуттуу бурмалоолорду аныктай тургандыгына кепилдик болуп саналбайт. Бурмалоолор ак ниеттүү эмес иш-аракеттердин же каталардын натыйжасы болушу мүмкүн жана алар өзүнчө же жалпысынан ушул финансылык отчеттун негизинде колдонуучулар тарабынан кабыл алынган экономикалык чечимдерге таасир тийгизиши ыктымал деп божомолдоого мүмкүн болсо, алар олуттуу деп эсептелет.

АЭСке ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында биз кесипкөй пикирди колдонобуз жана бүтүндөй аудит аралыгында кесипкөй скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары биз төмөнкүлөрдү аткарабыз:

- ак ниеттүү эмес иш-аракеттерден же каталардан улам финансылык отчеттун олуттуу бурмаланышынын тобокелдиктерин аныктайбыз жана баалайбыз; ушул тобокелдиктерге жооп катары аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгабыз жана жүргүзөбүз; биздин пикирибизди билдирүү үчүн жетиштүү жана тийиштүү болгон аудитордук далилдерди алабыз. Ак ниеттүү эмес иш-аракеттердин натыйжасында олуттуу бурмалоону аныктабоо тобокелдиги катанын натыйжасында олуттуу бурмалоону аныктабоо тобокелдигинен жогору, анткени ак ниеттүү эмес иш-аракеттер көмүскө бүтүмдү, жасалмалоону, атайылап чагылдырбай коюуну же маалыматты туура эмес берүүнү же ички көзөмөлдөө системасын кыйгап өтүү иш-аракеттерин камтышы мүмкүн;
- Компаниянын ички көзөмөлдөө системасынын натыйжалуулугу жөнүндө пикирди билдирүү максатында эмес, жагдайга ылайык келген аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында аудит үчүн мааниге ээ болгон ички көзөмөлдөө системасы жөнүндө түшүнүк алабыз;
- колдонулган эсепке алуу саясатынын талаптагыдай мүнөзүн, бухгалтердик баалоонун негиздүүлүгүн жана жетекчилик тарабынан даярдалган тиешелүү маалыматты ачыкка чыгарууну баалайбыз;
- Компаниянын жетекчилиги тарабынан иштин үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолду колдонуунун укук ченемдүүлүгү жөнүндө тыянак, ал эми алынган аудитордук далилдердин негизинде – анын натыйжасында Компаниянын ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө олуттуу шектенүүлөр келип чыгышы мүмкүн болгон окуяларга же шарттарга байланыштуу олуттуу белгисиздиктин бар же жок экендиги жөнүндө тыянак жасайбыз. Эгерде биз олуттуу белгисиздик бар деген тыянакка келсек, биз аудитордук корутундубузда финансылык отчеттогу тиешелүү маалыматты ачыкка чыгарууга көңүл бурушубуз керек же эгерде мындай маалыматты ачыкка чыгаруу туура эмес болсо, пикирибизди өзгөртүшүбүз керек. Биздин тыянактар аудитордук корутундунун датасына чейин алынган аудитордук далилдерге негизделген. Бирок келечектеги окуялар же шарттар Банктын үзгүлтүксүз ишин улантуу мүмкүнчүлүгүн жоготуусуна алып келиши мүмкүн;
- финансылык отчеттун берилишине жалпысынан, анын түзүмүнө жана мазмунуна, анын ичинде маалыматтын ачыкка чыгарылышына, ошондой эле финансылык отчет, анын негизинде жаткан операциялар жана окуялар алар жөнүндө туура түшүнүк алгандай чагылдырылганына баалоо жүргүзөбүз;

Биз корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу адамдар менен маалыматтык өз ара аракеттенүүнү ишке ашырабыз, аларга аудиттин пландаштырылган көлөмү жана мөөнөттөрү жөнүндө, аудиттин жыйынтыктары боюнча олуттуу эскертүүлөр жөнүндө, анын ичинде аудит процессинде аныкталган ички көзөмөлдөө системасынын олуттуу кемчиликтери жөнүндө маалыматты беребиз.

Ошондой эле биз корпоративдик башкаруу үчүн жооп берген адамдарга көз карандысыздыкка карата бардык тиешелүү этикалык талаптарды аткаргандыгыбыз жана бул адамдарга аудитордун көз карандысыздыгына таасир этүүчү бардык өз ара мамилелер жана башка маселелер тууралуу, ал эми зарыл болгон учурларда – бардык тиешелүү сактык чаралары тууралуу маалыматты беребиз.

Биз корпоративдик башкаруу үчүн жооп берген адамдарга маалымат берген маселелердин ичине үстүдөгү мезгилдеги финансылык отчеттун аудити үчүн эң маанилүү болгон жана ага ылайык аудиттин негизги маселелери болуп саналган маселелерди аныктайбыз. Бул маселелер тууралуу маалыматты ачыкка чыгаруу мыйзамда же ченемдик актыда тыюу салынган же өтө сейрек учурларда кандайдыр бир маселе жөнүндө маалымат биздин корутундуда билдирилбеши керек, анткени мындай маалыматты билдирүүнүн терс кесепеттери аны билдирүүдөгү коомдук маанилүү пайдасынан ашат деп негиздүү божомолдоого болот деген тыянакка келген учурлардан тышкары, бул маселелерди аудитордук корутундубузда баяндайбыз.

Жыйынтыгында ушул көз карандысыз аудиторлордун аудитордук корутундусу чыгарылган тапшырманын жетекчиси Армен Ванян болуп саналат.

/колу/
Давирбек Садиков
Аудиттин жетекчиси
Аудитордун квалификациялык тастыктамасы
2012-жылдын 14-ноябрындагы А сериясындагы №0168

/колу/
Армен Ванян
Директор/Өнөктөш
Аудитордун квалификациялык тастыктамасы
2016-жылдын 11-июлундагы А сериясындагы №0264

2026-ж. 16-марты
Бишкек
*/мөөрү/*
"Грант Торнтон" ЖЧК
Аудитордук ишти жүргүзүүгө лицензия.
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансылык рынокту жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызмат, 2013-ж. 3-май

**Перевод с русского языка на кыргызский язык осуществлен ОсОО "Литера Лтд"**
**в лице Ибрагимовой Гульназ Абдулгалиевны**

## «БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК КОМПАНИЯСЫ ЖАК

**2025-Ж. 31-ДЕКАБРЫНДА АЯКТАГАН ЖЫЛ ҮЧҮН**
**ПАЙДА ЖЕ ЗЫЯН ЖАНА БАШКА ЖЫЙЫНТЫКТУУ КИРЕШЕ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ**
*(миң кыргыз сому менен)*

| | Эскер. | 2025-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2024-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 5 | 2,128,060 | 1,905,460 |
| Пайыздык чыгашалар | 5 | (935,082) | (815,227) |
| ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ АЛЫП КЕЛҮҮЧҮ АКТИВДЕРДИН НАРКСЫЗДАНУУСУ БОЮНЧА РЕЗЕРВДЕРДИ ТҮЗҮҮГӨ ЧЕЙИНКИ ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ | 5 | 1,192,978 | 1,090,233 |
| Пайыздар чегерилүүчү активдердин наркысыздануусу боюнча резервдерди түзүү | 6,14 | (42,037) | (102,311) |
| ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ | | 1,150,941 | 987,922 |
| Комиссиялык кирешелер | | 137,134 | 104,278 |
| Пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер менен операциялар боюнча таза зыян | 7 | (83,965) | (81,478) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза (зыян)/ киреше | 8 | (7,315) | 11,225 |
| Башка активдер боюнча резервдерди түзүү | 6,18 | (5,478) | (5,456) |
| Башка кирешелер | 9 | 93,997 | 39,516 |
| ТАЗА ПАЙЫЗДЫК ЭМЕС КИРЕШЕ | | 134,373 | 68,085 |
| Операциялык чыгашалар | 10 | (998,558) | (872,283) |
| ПАЙДА САЛЫГЫНА ЧЕЙИНКИ ПАЙДА | | 286,756 | 183,724 |
| Пайда салыгы боюнча чыгашалар | 11 | (31,640) | (31,408) |
| ТАЗА ПАЙДА | | 255,116 | 152,316 |
| ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТУУ КИРЕШЕ | | 255,116 | 152,316 |

**Компаниянын жетекчилигинин атынан:**

**Молдажанова Чинара**
**Башкы директор**
2026-ж. 16-марты
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Джусупова Мая**
**Башкы бухгалтер**
2026-ж. 16-марты
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

11-62-беттердеги эскертүүлөр ушул финансылык отчеттуулуктун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусу 3-5-беттерде келтирилген.

## «БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК КОМПАНИЯСЫ ЖАК

### ФИНАНСЫЛЫК АБАЛ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
### 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНА КАРАТА АБАЛ БОЮНЧА
*(миң кыргыз сому менен)*

| | Эскер. | 2025-ж. 31-декабры | 2024-ж. 31-декабры |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | |
| Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 12 | 204,797 | 394,620 |
| Банктардагы депозиттер жана акча каражаттары | 13 | 15,000 | 15,000 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 14 | 7,207,697 | 5,447,953 |
| Пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер | 15 | 111,417 | 47,589 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 16 | 87,748 | 81,836 |
| Колдонуу укугу түрүндөгү активдер | 17 | 37,490 | 36,878 |
| Кийинкиге калтырылган салык активдери | 11 | 871 | 1,407 |
| Башка активдер | 18 | 115,912 | 79,235 |
| ЖАЛПЫ АКТИВДЕР | | 7,780,932 | 6,104,518 |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | | |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | |
| Алынган займдар | 19 | 6,229,521 | 4,862,380 |
| Субординацияланган займ | 20 | 145,244 | 93,453 |
| Ижара боюнча милдеттенмелер | 17 | 26,507 | 32,964 |
| Карыз алуучулардын алдын ала төлөмдөрү | | 96,717 | 78,963 |
| Башка милдеттенмелер | 21 | 118,229 | 177,160 |
| | | 6,616,218 | 5,244,920 |
| **КАПИТАЛ** | | | |
| Уставдык капитал | 22 | 750,000 | 700,000 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 414,714 | 159,598 |
| | | 1,164,714 | 859,598 |
| ЖАЛПЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ | | 7,780,932 | 6,104,518 |

**Компаниянын жетекчилигинин атынан:**

**Молдажанова Чинара**
**Башкы директор**
2026-ж. 16-марты
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Джусупова Мая**
**Башкы бухгалтер**
2026-ж. 16-марты
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

11-62-беттердеги эскертүүлөр ушул финансылык отчеттуулуктун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусу 3-5-беттерде келтирилген.

# «БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК КОМПАНИЯСЫ ЖАК

## КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА АЯКТАГАН ЖЫЛ ҮЧҮН

*(миң кыргыз сому менен)*

| | Эскер. | Уставдык капитал | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жалпы капитал |
|---|---|---|---|---|
| 2024-ж. 1-январына карата сальдо | | 250,000 | 509,119 | 759,119 |
| **Жыйынтыктуу киреше** | | | | |
| Пайда | | - | 152,316 | 152,316 |
| **Жалпы жыйынтыктуу киреше** | | - | 152,316 | 152,316 |
| **Акционерлер менен операциялар:** | | | | |
| Дивиденддерди төлөө | | - | (51,837) | (51,837) |
| Уставдык капиталды көбөйтүү | | 450,000 | (450,000) | - |
| **Жалпы акционерлер менен операциялар** | | 450,000 | (501,837) | (51,837) |
| 2024-ж. 31-декабрына карата сальдо | | 700,000 | 159,598 | 859,598 |
| **Жыйынтыктуу киреше** | | | | |
| Пайда | | - | 255,116 | 255,116 |
| **Жалпы жыйынтыктуу киреше** | | - | 255,116 | 255,116 |
| **Акционерлер менен операциялар:** | | | | |
| Дивиденддерди төлөө | 22 | - | - | - |
| Уставдык капиталды көбөйтүү | 22 | 50,000 | | 50,000 |
| **Жалпы акционерлер менен операциялар** | | | - | |
| 2025-ж. 31-декабрына карата сальдо | | 750,000 | 414,714 | 1,164,714 |

**Компаниянын жетекчилигинин атынан:**

**Молдажанова Чинара**
**Башкы директор**

2026-ж. 16-марты
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Джусупова Мая**
**Башкы бухгалтер**

2026-ж. 16-марты
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

11-62-беттердеги эскертүүлөр ушул финансылык отчеттуулуктун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусу 3-5-беттерде келтирилген.

# «БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК КОМПАНИЯСЫ ЖАК

## АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА АЯКТАГАН ЖЫЛ ҮЧҮН

*(миң кыргыз сому менен)*

| | Эскер. | 2025-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2024-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн. |
|---|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨН КЕЛҮҮЧҮ АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | | |
| Алынган пайыздар | | 2,104,742 | 1,893,610 |
| Төлөнгөн пайыздар | | (908,423) | (794,566) |
| Алынган комиссиялар | | 137,134 | 104,278 |
| Алынган башка кирешелер | 9 | 93,335 | 39,516 |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча зыян | 8 | (2,393) | (304) |
| Пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер менен операциялар боюнча зыян | 7 | (88,909) | (66,843) |
| Төлөнгөн операциялык чыгашалар | | (917,343) | (808,983) |
| Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүшүнө чейинки операциялык ишмердүүлүктөн келүүчү акча каражаттарынын кыймылы | | 418,143 | 366,708 |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүшү:** | | | |
| Финансылык уюмдардагы депозиттер жана акча каражаттары | | - | 1,400 |
| Кардарларга берилген кредиттер | | (1,778,463) | (1,173,659) |
| Пайда же зыян аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер | | (59,210) | (24,433) |
| Башка активдер | | (42,685) | (39,038) |
| Карыз алуучулардын алдын ала төлөмдөрү | | 17,753 | 26,483 |
| Башка милдеттенмелер | | (58,025) | 67,078 |
| Пайда салыгын төлөөгө чейинки операциялык ишмердүүлүктөн акча каражаттарынын агылып чыгуусу | | (1,502,487) | (775,461) |
| Төлөнгөн пайда салыгы | 11 | (31,103) | (30,415) |
| Операциялык ишмердүүлүктөн акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу: | | (1,533,590) | (805,876) |
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨН КЕЛҮҮЧҮ АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатуудан түшүүлөр | | 1,480 | 3,167 |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | 16 | (54,316) | (82,895) |
| Инвестициялык ишмердүүлүктөн акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу: | | (52,836) | (79,728) |

# «БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК КОМПАНИЯСЫ ЖАК

## АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
## 2025-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА АЯКТАГАН ЖЫЛ ҮЧҮН (УЛАНДЫСЫ)

*(миң кыргыз сому менен)*

| | Эскер. | 2025-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2024-ж. 31-декабрында бүткөн жыл үчүн. |
|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨН КЕЛҮҮЧҮ АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | | |
| Учурдагы акционерлер тарабынан уставдык капиталга төгүмдөр | 22 | 50,000 | - |
| Төлөнгөн дивиденддер | | - | (51,837) |
| Алынган займдар боюнча келип түшүүлөр | 19 | 3,384,643 | 3,540,440 |
| Алынган субординацияланган займдар боюнча келип түшүүлөр | 20 | 50,000 | - |
| Алынган займдарды төлөө | 19 | (2,047,354) | (2,562,146) |
| Ижара боюнча милдеттенмелерди төлөө | 17 | (40,950) | (31,736) |
| Финансылык ишмердүүлүктөн акча каражаттарынын таза агылып келүүсү: | | 1,396,339 | 894,721 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИНИН ТАЗА КӨБӨЙҮҮСҮ | | (190,087) | 9,117 |
| Чет өлкө валютасынын курсунун өзгөрүшүнүн чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын калдыктарына тийгизген таасири | | 264 | (4,142) |
| Жылдын башындагы АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ | 12 | 394,620 | 389,645 |
| Жылдын аягындагы АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ | 12 | 204,797 | 394,620 |

**Компаниянын жетекчилигинин атынан:**

**Молдажанова Чинара**
**Башкы директор**

2026-ж. 16-марты
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Джусупова Мая**
**Башкы бухгалтер**

2026-ж. 16-марты
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

11-62-беттердеги эскертүүлөр ушул финансылык отчеттуулуктун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусу 3-5-беттерде келтирилген.

## 4. ИСЛАМ ТЕРЕЗЕСИ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (КРУБ) 2011-жылдын 10-мартындагы №346 каттоо күбөлүгүнө ылайык (уюштуруу-укуктук формасынын өзгөрүшүнө байланыштуу 2024-жылдын 26-январында кайра таризделген) жана банк ишинин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык Каржылоо саясаты менен, Компаниянын Шариат кеңешинин 2021-жылдын 1-июнундагы №01-21-ШС жана 2021-жылдын 4-декабрындагы №02-21-ШС протоколдорун жетекчиликке алып, 2021-жылдын 8-декабрынан тартып кардарларды «Мурабаха» продуктусу боюнча каржылоо боюнча Ислам терезесинин иши башталган.

КРУБ Башкармасынын 2024-жылдын 14-февралындагы №2024-П-12/5-4-(НПА) токтому менен бекитилген, КРУБ Башкармасынын 2025-жылдын 12-сентябрындагы №2025-П-12/46-1-(НПА) токтомунун редакциясындагы «Банк ишинин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктык эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан финансылык отчеттуулукту түзүү, жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүү талаптары жөнүндө» Жобого (мындан ары – «Жобо») ылайык, микрофинансылык уюм банк ишинин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык ишмердүүлүгү боюнча кошумча финансылык отчеттуулукту финансылык отчеттуулукка тиркеме түрүндө түзөт жана берет.

Жобонун талабына ылайык Компаниянын финансылык отчеттуулугунун бардык зарыл болгон формалары төмөндө келтирилди.

**Финансылык абалы жөнүндө отчет 2025-жылдын 31-декабрына карата (№1 Форма):**

| | 2025-ж. 31-декабры | 2024-ж. 31-декабры |
|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | |
| Коммерциялык банктагы исламдык каржылоо үчүн багытталган эсептешүү эсеби (12-эскертүү) | 74,847 | 62,740 |
| Мурабаха келишими боюнча кардарларга берилген каржылоо (14-эскертүү) | 88,027 | 136,788 |
| Каржылоо боюнча нарксызданууну резерви (14-эскертүү) | (9,400) | (11,115) |
| Башка активдер | 1,039 | 130 |
| ЖАЛПЫ АКТИВДЕР | 154,513 | 188,543 |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | |
| Башка милдеттенмелер | 4,485 | 3,108 |
| ЖАЛПЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР | 4,485 | 3,108 |
| **КАПИТАЛ** | | |
| Уставдык капитал | 185,435 | 155,428 |
| Топтолгон киреше | (35,407) | 30,007 |
| ЖАЛПЫ КАПИТАЛ | 150,028 | 185,435 |
| ЖАЛПЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ | 154,513 | 188,543 |

**Пайда жана зыян жөнүндө отчет 2025-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн (№2 Форма)**

| | 2025-ж. 31-декабрында аяктаган жыл үчүн | 2024-ж. 31-декабрында аяктаган жыл үчүн |
|---|---|---|
| Мурабаха келишимдери боюнча кардарларды каржылоодон алынган кирешелер | 30,638 | 33,340 |
| Каржылоо боюнча нарксызданууну резервин түзүү/ (калыбына келтирүү) | 1,711 | (608) |
| **Нарксызданууну резервине чегерүүлөрдөн кийинки таза киреше** | 32,349 | 32,732 |
| Операциялык жана административдик чыгашалар | (64,545) | (306) |
| **Таза операциялык пайда** | (32,196) | 32,426 |
| Зекет жана кайрымдуулукка жумшалуучу чыгашалар | - | - |
| Пайда салыгы | (3,211) | (3,618) |
| **Таза пайда** | (35,407) | 28,808 |

Шариат кеңешинин корутундусу ушул финансылык отчеттуулукка тиркеме болуп саналат.

Docusign Envelope ID: 39522639-DBA1-8F99-815A-1C7075EE169C

«БАЙЛЫК ФИНАНС» МИКРОКРЕДИТТИК
КОМПАНИЯСЫ ЖАК
БИШКЕК Ш., ФАТЬЯНОВ КӨЧ 170, 2 КАБАТ
ТЕЛ: +996 312 979 444
E-MAIL: OFFICE@BF.KG

**«БАЙЛЫК ФИНАНС» МКК ЖАК**
**ШАРИАТ КЕҢЕШИНИН ОТЧЕТУ**

**(2026-жылдын 2-мартындагы Шариат кеңешинин №03-26 протоколу менен бекитилген)**

Бул Отчет «Байлык Финанс» МКК ЖАКтын (мындан ары – «Компания») Шариат кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2024-жылдын 14-февралындагы №2024-П-12/5-4-(НПА) токтому менен бекитилген «Банктык иштин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктык эмес финансы-кредиттик уюмдар тарабынан финансылык отчеттуулукту түзүү, жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүү талаптары жөнүндө» Жобонун, Компаниянын Уставынын жана ички ченемдик документтеринин, ошондой эле AAOIFI колдонуудагы стандарттарынын талаптарына ылайык даярдалды.

Компаниянын Уставына жана 2021-жылдын 24-майындагы катышуучулардын Жалпы чогулушунун №04-21 протоколу менен бекитилген Шариат кеңеши жөнүндө жобого ылайык, Шариат кеңешинин ишинин максаты – Компаниянын Ислам терезеси тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан операциялардын жана бүтүмдөрдүн банктык иштин жана каржылоонун ислам принциптерине жана Шариат стандарттарына шайкештигин камсыз кылуу болуп саналат.

**Шариат кеңешинин 2025-жылдагы ишмердүүлүгүнө сереп**

2025-жыл ичинде Шариат кеңеши Компаниянын Ислам терезесинин операцияларынын Шариат стандарттарына шайкештигин камсыз кылууга багытталган системалуу иштерди жүргүздү.

Отчеттук мезгилде «Мурабаха» продуктусу боюнча ички ченемдик документтерди актуалдаштыруу жана өркүндөтүү маселелерине, анын ичинде Каржылоо эрежелерине, Каржылоо жол-жобосуна, Продукттун паспортуна, ошондой эле Мурабаха бүтүмдөрүн каржылоонун бухгалтердик эсебинин жол-жобосуна киргизилген өзгөртүүлөргө олуттуу көңүл бурулду. Мындан тышкары, Шариат кеңеши банктык иштин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык жайгаштырылган активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун толтурууга камдарды түзүү боюнча жаңыланган Саясатты карап чыгып, жактырды.

Ошондой эле, отчеттук мезгилде Шариат кеңеши Ислам терезесинин топтолгон каражаттарынын калдыгын Компаниянын айрым чыгымдарын жана сатып алууларын каржылоо үчүн колдонуу маселесин карап чыгып, макулдук берди. Бул учурда Шариат кеңеши тарабынан Шариат стандарттарынын так сакталышын камсыз кылууга багытталган чектөөлөр белгиленди. Атап айтканда: аталган каражаттарды салттуу (риба) насыяларды төлөөгө жана алар боюнча комиссияларды, пайыздарды жана айып пулдарды төлөөгө колдонууга тыюу салынды; мүлктү, тобокелдиктерди жана кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун исламдык камсыздандыруунун (такафул) алкагынан тышкары камсыздандырууга тыюу салынды; алкоголдук ичимдиктерди ичүүнү караган корпоративдик иш-чараларды уюштурууга колдонууга тыюу салынды.

Контролдоо жана көзөмөлдөө функцияларынын алкагында Шариат кеңеши Ички аудит кызматынын «Банктык иштин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык каржылоо процесси» аттуу аудитордук отчетун кароого алды. Аудитордук отчетту карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча, ошондой эле КР Улуттук банкынын жаңы ченемдик талаптарын эске алуу менен, Шариат кеңеши Ислам терезесинин жетекчисине аткаруу үчүн сунуштамаларды иштеп чыкты. Бул сунуштамаларды ишке ашыруу кийинки отчеттук жылга пландаштырылган жана Шариат кеңешинин көзөмөлүндө болот.

Docusign Envelope ID: 39522639-DBA1-8F99-815A-1C7075EE169C

Кошумчалай кетсек, өз компетенциясынын алкагында Шариат кеңеши каржылоо булактарын кеңейтүү жана диверсификациялоо менен байланышкан маселелерди карап чыгып, жактырды. Тактап айтканда, Шариат кеңеши отчеттук мезгилде Эл аралык ислам соода-финансы корпорациясынан (ITFC) Башкы Мурабаха келишими (Master Murabaha Agreement), Каржылоо шарттарында (Facility Terms) жана Сооданы каржылоонун жалпы шарттарында (General Terms and Conditions for Trade Finance) каралган шарттарда Мурабаха келишими боюнча каржылоо алууну карап чыкты. Шариат кеңеши тарабынан аталган документтердин тексти боюнча деталдуу суроолор даярдалып жөнөтүлгөн. Аларды талкуулоо үчүн бир катар жолугушуулар, анын ичинде ITFC өкүлдөрү менен жолугушуулар өткөрүлүп, анын жыйынтыгында айрым сын-пикирлер документтердин текстинде эске алынды, ал эми башка бир катар сын-пикирлер боюнча тараптар бир пикирге келишти. Жүргүзүлгөн иштердин жана сүйлөшүүлөрдүн негизинде, биринчи пилоттук бүтүм үчүн өзгөчө тартипте Шариат кеңеши ITFCден каржылоо алууну белгилүү бир алкактарды жана чектөөлөрдү эске алуу менен жактырды.

Жалпысынан, 2025-жыл ичинде Шариат кеңешинин ишмердүүлүгү 9 отурумдун протоколу менен таризделди. Аларда Шариат кеңешинин компетенциясына кирген маселелер боюнча кабыл алынган чечимдер жана сунуштамалар катталган.

Мындан тышкары, отчеттук мезгилде Шариат кеңешинин мүчөлөрүнүн катышуусу менен бир нече жумушчу консультациялык чалуулар уюштурулду. Формалдуу отурумдардан жана протоколдордон тышкары өткөрүлгөн бул талкууларда исламдык банк иши жана каржылоо принциптеринде каржылоону тартууга байланышкан маселелер каралды.

**Кайрымдуулук жөнүндө**

Отчеттук мезгилде Компания кайрымдуулук максаттарына (садака, зекет же Шариат ченемдерине ылайык башка кайрымдуулук түрлөрү) каражат багыттаган жок. Бул Компания тарабынан Шариат принциптерине ылайык кайрымдуулукка бөлүнө турган туумдардын, айып пулдардын жана финансылык санкциялардын башка түрлөрүнүн колдонулбагандыгы, ошондой эле Компания тарабынан түзүлгөн бүтүмдөр боюнча алынган кирешелердин Шариат принциптерине туура келбейт деп табылган учурлардын жоктугу менен түшүндүрүлөт.

**Тыюу салынган активдер жөнүндө**

Отчеттук мезгилде Компанияда тыюу салынган кирешелердин натыйжасында алынган же тыюу салынган чыгашалардын натыйжасында сатылып алынган активдер болгон эмес жана мындай активдер боюнча тиешелүү буйруктар талап кылынган эмес.

**Шариат кеңешинин пикири**

Компаниянын ишинин Шариат стандарттарына шайкештигин текшерүү үчүн берилген маалыматтардын жана түшүндүрмөлөрдүн негизинде, Шариат кеңеши негиздүү ишеним менен төмөнкүдөй корутундуга келет: Компаниянын Шариат көзөмөлүнө тийиштүү болгон продуктулары, операциялары жана финансылык инструменттери Шариат стандарттарын сактоо менен түзүлгөн жана ишке ашырылган, ал эми кирешелер менен чыгашалар финансылык отчеттуулукта тийиштүү түрдө чагылдырылган. Шариаттык көзөмөл жүргүзүүнүн натыйжасында Шариат кеңешинин корутундусуна таасир этиши мүмкүн болгон Шариат принциптерин жана стандарттарын олуттуу бузуулар табылган жок.

Урматтоо менен,

«Байлык Финанс» МКК ЖАКтын
Шариат кеңешинин атынан:

DocuSigned by:
Zaynabidin Ajymamatov
998B6CCC464D411

**Ажимаматов З.К.**
**«Байлык Финанс» МКК ЖАКтын**
**Шариат кеңешинин Төрагасы**

16-март, 2026-ж.,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы